DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Момуналиев С.М., Камчыбекова А.Б.*

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН «ТООЛОР КУЛАГАНДА» РОМАНЫН ОКУТУУДАГЫ ЛЕКЦИЯ
## (же мектеп лекциясында көңүл бөлүүчү негизги маселелер)

*Момуналиев С.М., Камчыбекова А.Б.*

# ЛЕКЦИИ ПО ИЗУЧЕНИЮ РОМАНА ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «КОГДА ПАДАЮТ ГОРЫ»
## (или основные вопросы, которые необходимо рассмотреть в школьной лекции)

*S.M. Momunaliev, A.B. Kamchybekova*

# LECTURES ON THE STUDY OF THE NOVEL BY CHINGIZ AITMATOV «WHEN THE MOUNTAINS FALL DOWN»
## (or the main questions that need to be consider in a school lecture)

*УДК: 82.378147(575.2)*

*Макалада мектеп лекциясында мугалим көңүл буруучу маселер жөнүндө сөз кылынат. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын аталышына, каармандарынын ысымдарына көңүл коюп карап көрсөк, анда көркөм туундуну башынан-аягына чейин бириктирген ниет-идея катылганын баамдоого болот. “Тоолор кулаганда” - бул улуу жазуучунун даанышмандыгынын дагы бир далили. Мында сөз тоолор жөнүндө гана эмес, башка көзгө көрүнүп, көрүнбөгөн нерселер жөнүндө жүрүп жаткандыгы дароо баамга урунат. Негизи, чыгармадагы окуя тоо арасында жашаган адамдар жөнүндө жүрөт. Бул − чыгарманын түз мазмуну. Бирок, кеп бир эле тоолор, тоолордун арасында бир айылда жашаган адамдар жөнүндө эмес, адамзаттын турмушундагы олуттуу маселелер жөнүндө жүрүп жаткандыгын чыгарманы үңүлүп, сүңгүп окуган окурман дароо туят. Ч.Айтматовдун улуулугу − болуп өткөн жана болуп жаткан окуяларды гана эмес, болочокто болуучу окуяларды да алаканга салгандай көрө билгенинде жана аны өз чыгармасында окурмандын көз алдына таамай да, элестүү да, ынанымдуу да тартып бере алгандыгында. Аны романдагы: “Жардам берер Жараткан, сен кайдасың? Айтчы эмне кылыш керек? Каргыш алгырдын бизнеси адамдарды да, жырткычтарды да бир түйүнгө, ооба, өлүмдүн бир гана чие түйүнүнө байлап салды го, базар экономикасы адамдардын акылы менен дилин, адеби менен ыйманын да басып алды”, - деген сүйлөмдөр ырастап турат.*

***Негизги сөздөр:*** *“Тоолор кулаганда” романы, лекция, билим берүү, метод, идея, ыйман, адеп, ааламдашуу, коом.*

*В статье затронута одна из актуальных проблем современности – проблема нравственного воспитания молодежи в семье. Произведения великого писателя современности Ч.Айтматова, безусловно, считаются общечеловеческой духовной ценностью. Об этом очень много писали ученые-литературоведы, писатель и сам писал в своих статьях, отмечена значимость идей в духовном развитии подрастающего поколения. В произведениях писателя: «Ранние журавли», «Гүлсарат», «Белый пороход», «Тополек мой в красной косынке», «Материнское поле», «Плаха», «Когда падают горы», «И дольше века длится день» нравственные ценности должен прививать на примере айтматовских произведений в детях, а также у взрослых. Через образа Абуталипта в романе «И дольше века длится день», можно узнать о ценностях семьи, нравственности учителей, писатель формулирует все новые и новые социальные, психологические, общечеловеческие проблемы, волнующие современность.*

***Ключевые слова****: роман «Когда падают горы», лекция, образование, метод, идея, нрава, этика, глобализация, общество.*

*The article touches upon one of the urgent problems of our time – the problem of moral education of young people in the family. The works of the great writer of our time CH. Aitmatov, of course, are considered a universal spiritual value. This is very much written by literary scholars; the writer himself wrote in his articles, noted the importance of ideas in the spiritual development of the younger generation. In the works of the writer: "Early cranes", "Gulsarat", "White doorstep", "my poplar in a red kerchief", "Mother field", "Scaffold", "When mountains fall", "And the day lasts longer than a century" moral values should be instilled on the example of Aitmatov's works in children and adults. Through the image of Abutalip in the novel "a day lasts Longer than a century", you can learn about the values of the family, the morality of teachers, the writer formulates more and more new social, psychological, human problems that concern the present.*

***Key words:*** *Chyngyz Aitmatov's novel "Mountains fall", lecture, education, method, idea, morality, ethics, globalization, community.*

Мезгил менен мейкиндиктин алдында көз талдырган мухит да, төбөсү көк тиреген тоолор да, “аалам ачсам - алаканымда, жумсам - уучумда” деген тирандар да - баары алсыз, баары күчсүз. Бул – жашоонун талашсыз мыйзамы. Адам да, он эки миң ааламдагы жан-жаныбарлар да бул мыйзамга баш иет. Бирок жер бетинде адам баласы жашап турганда

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



мезгил менен мейкиндиктин күчү жетпеген бир улуу күч бар - ал сөз, ал көркөм өнөр.

Мына кыргыздын залкар уулу, кайталангыс таланттын ээси, даанышман жазуучу Ч.Айтматовдун дүйнөдөн өткөнүнө 11 жыл өтүптүр. Бирок эч бирибиз алп жазуучуну көзү өттү деп эсептебей, арабызда жүргөндөй, кайра эле арабызга кайтып келчүдөй сезип жашап келебиз. Эч бирибиз аны өлүмгө ыраа көрбөйбүз. Азыркы чалкеш дүйнөнүн көйгөйлөрүнө анын көзү менен карап, анын кеп-кеңешин уккубуз келип, күн кечирип жашоодобуз. Жазуучунун бизге калтырган көркөм дөөлөттөрүн улам кайра барактап, анын олуялыгын, даанышмандыгын дагы бир жолу моюндап, улуу талантына таазим этүүдөбүз.

Азыр билим берүү да өзгөрүп, анын мазмунуна башкача көз менен карап, окутуу ык-жолдору менен методдоруна да талап башкачараак коюлууда. Тереңирээк ой жүгүртсөк, алдуу-күчтүү мамлекеттер бизге окшогон чакан өлкөлөрдү өздөрүнө ар кандай жолдор менен каратып алууга аракет кылышууда. Ошондуктан улут, тил, каада-салт, улуттук маданияттын, адабияттын маанисин, ролун төмөндөтүп, жалпы адамзаттык деген ураан менен биздин түбөлүктүү дөөлөттөрүбүзгө чабуулга өтүшүүдө. Ошондо аргасыздан Ч.Айтматовдун “Сен маңкурт эмессиң, сен - Жоломансың, атаң – Дөнөнбай” деп зарлаган Найман-Эненин сөзүн кайталап, “Сен – кыргызсың, сенин атаң – Манас, жериң – Ала-Тоо” деп кыйкырып, жар салгың келет.

Жазуучу Совет доору учурундагы орун алган кемчиликтерди диссидент орус жазуучуларындай (Солженицын, Бродский ж.б.) ачык айтпаганы менен, “Уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам, келиним сен ук”, − деген принципти жетекчиликке алып жазып келгендиги жашырын эмес. Ошондуктан “Бетме-бет”, “Жамийла”, “Ак кеме”сыяктуу чыгармалары үчүн бир топ жемеге тушуккандыгын да билебиз.

Бирок кийинчерээк, кылым алмшып, заман өзгөргөндө, сезимтал, изденгич, чыгармачыл инсан, анын үстүнө дүйнөнүн бардык булуң-бурчунда болуп, эл турмушу менен ар тараптуу тереӊ таанышкан жазуучу социализм менен капитализмди салыштырып көрүп, капиталисттик системага караганда, социалисттик системага артыкчылык бергени акыркы “Тоолор кулаганда” романында дароо баамга урунат.

Негизи, Ч.Айтматов чыгармаларынын аталышына, каармандарынын ысымдарына көңүл коюп карап көрсөк, анда көркөм туундуну башынан-аягына чейин бириктирген ниет-идея катылганын баамдоого болот. Жазуучунун биз сөз кылып жаткан акыркы чыгармасы да биздин бул айткандарыбызга далил болуп бере алат.

“Тоолор кулаганда” – бул улуу жазуучунун даанышмандыгынын дагы бир далили. Мында сөз тоолор жөнүндө гана эмес, башка нерселер жөнүндө жүрүп жаткандыгын баамдоо анчалык кыйынчылык туудурбайт. Туура, чыгармадагы окуя тоо арасында жашаган адамдар жөнүндө жүрөт. Бул - чыгарманын түз мазмуну. Бирок, кеп бир эле тоолор, тоолордун арасында жашаган адамдар жөнүндө эмес, адамзаттын турмушундагы олуттуу маселелер жөнүндө жүрүп жаткандыгын чыгарманы үңүлүп, сүңгүп окуган окурман дароо баамдайт.

Кылым алмашып, заман өзгөрүп, кечээги түбөлүктүүдөй сезилген турмуш чындыгы жокко чыгарылып, “Кечээ көргөн бүгүн жок, ушундай экен дүнүйө бок” деген “Манас” эпосундагы учкул сөздүн акыйкаттыгы ырасталып жаткан учурга туш келдик. “Социализм, анын түпкү максаты – коммунизм, анда адамдардын баары бирдей болуп, тең, жыргал турмушта өмүр сүрөт”, - деген ураан менен жашаган адамдар, СССР кыйрап, социалисттик мамлекеттер чилдей тарап, баары капитализмге карай кадам таштагандан кийин: “Ишенген кожом сууга акты, алды-алдыңдан тал карма” болуп, кайсы жакты караарын, кайсы жакка басаарын билбей калган абалга туш болушту. Канчалык улуу, даанышман болбосун Айтматов да кантерин билбей калганын романдагы: “Кайра куруунун адашкан каркырасы – биздин музыка күйөрманыбыз Арсен Саманчин асманда кыйкуулап жүрөт. Бир кезде ал Горбачевдун тобунда каадалана канат какчу эле...Мына эми ошо Горбачев кана да, оболоп учкан ошо куш-каргалардын катары кана?!”, - деген сүйлөмдөн аңдап-билсек болот. Анткени жазуучу Горбачевдун кайра куруу жөнүндөгү идеясын жандили менен колдоп, анын кеңешчиси болгондугу – турмуш чындыгы.

Баары өзгөрдү. Кечээги ыйык баалуулуктар бүгүн жокко чыгарылып, башка баалуулуктар анын ордун ээледи. Кыргыз эли “Байлык - колдун кири, бийлик бүгүн бар да, эртең жок”, - деп, буларга анчалык баа бербей, түбөлүктүү дөөлөттөрдү ыйман, мекенчилдик, абийир, адеп маселелерин башкы орунга коюп келсе, эгемендигибизге ээ болгондон кийин, бир ырчы таамай ырдагандай “баарын сат” психологиясы, мыйзамы жөө тумандай каптап, өз үстөмдүгүн орнот-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ту. Муну жазуучу Эрташ Курчал менен Айдана Самаронанын тагдыры аркылуу чагылдырат. "Ошо кезде Эрташ Курчалов шаардын драм театрындагы билинбеген артисттердин бири эле, ушундан улам анын бар, жогу менен эч кимдин иши жок болчу" [2, 71-б.]. Бирок өзгөргөн заман таланты да, тарбиясы да жок мына ушундай эпчил адамдарды бийикке көтөрдү. Искусствого ак кызмат өтөйм деген Арсен Саманчиндерди чамындыдай четке сүрүп таштады. Анын "Кыз кайып" жөнүндөгү изги идеясы куру кыялга айланып, анын ордун: "Кайрадан музыка жаңырат, кайрадан стадион: "Лимузин!", "Лимузин!" "Ай-да-на! Ай-дана!" деп, жерди жара кол чабат", - ээледи [3, 76-б.].

Өмүрүнүн гүлгүндөй учурун коротуп ээ болгон адистигин кайда колдонорун билбей, эптеп үй-бүлөсүн багуу үчүн канчалаган мекендештерибиз "камчыга ченеп бөлүнгөндөй", жер кезип кетишти. Бул чыгармада врачтык кесипке ээ болуп алып, ит багып, күн кечирген Ардак Саманчиндин тагдыры аркылуу чагылдырылат. Өз ишинен ал анчалык эле уялбайт: Аны Ардактын өзүнүн: "Иттердин жардамы аркылуу базар менен көнүшүп калдым" - деген сөзүнөн билсек болот [3, 76-б.].

Айтматов бул каарман аркылуу өзгөргөн замандын өктөм бийлиги аркылуу кыргыздын тээ байыртан көздүн карегиндей сактап келген каада-салттарынын кыйрап келе жатканын берген. Чындыгында эле, кыргыз ит багып, ит менен соода кылган эмес. Бүгүнкү күнү ит эмес, эшекти багып союп, этин саткандардын чыгарын, болгондо да Таластан, ошондо эле олуя жазуучу баамдап-сезгенби деп да ойлоп кетесиң.

Дагы бир Саманчин, Бектур мергенчилик фирмасын уюштуруп, бизнесин Кыргызстанда гана эмес, чет өлкөлөрдө да жүргүзө баштаган. Романдын өзөктүү окуялары да мына ушул Бектур Саманчиндин аракетинин тегерегинде өнүгөт.

Бектур ага өзүнүн ишин сүйөт, өз аракети аркылуу айылына да, мекендештерине да жардамым тийип жатат деп эсептейт. Ошон үчүн өз фирмасынын капиталын көбөйтүү үчүн чет элдиктер менен карым-катыш түзүп, араб ханзадаларын чакырып жатат. Алардын ойлогонун аткаруу үчүн иниси Арсенди тилмечтикке, айылдаш инилери Ташафгандарды илбирстерди айдоочулукка дайындап, баарын ойлоштуруп алдын-ала кам көрүүдө.

Айтматов өз чыгармаларында ар дайым адамды, адам тагдырын жаратылыш, анын жаныбарлары менен биргеликте карайт. Айлана-чөйрөдө болуп жаткан окуяларга адамдардын кайдыгер болбой, сезимтал, баамчыл болуусун эсине салат. Адамдардын өз кызыкчылыгын гана ойлоп жасаган иштери, тигил же бул аракеттери бумеранг сындуу өзүнө кайтып келип, тагдырына таасир тийгизерин тигил же бул окуя аркылуу көрсөтөт. Жазуучунун мындай көркөм ыкмасын ушул чыгармасынан да көрүүгө болот. Жакшы ниет менен жасалып жаткан иш-аракеттер эч бир жакшылык алып келбесин романда чабалакейлер аркылуу билдирет. "Ооба, эки Саманчин эртеңки күн жөнүндө кызуу сүйлөшүп, бири өз көрсөтмөлөрүн, пландарын айтып, экинчиси эсинен чыгарбас үчүн блокнотуна керектүүлөрүн жазып, иш кумарына кирген кезде эки чабалекей, кыязы, түгөйлөр болсо керек, ачык турган терезеден үйгө учуп киришти ...атайы келгендей, кеткилери жок, чыйпылдап үн чыгарышып, үйдүн шып алды менен канаттарын ийкемдүү жайып, жай каалгый учуп, эки Саманчиндин төбөлөрүнөн айланып, тынбай чыйылдай беришти" [2, 71-б.]. Бирок өз ойлору менен алек болушкан эки бир тууган буга эч бир маани беришкен жок.

Чабалакейлер менен болгон бул окуя Арсен өзүнүн классташтары менен отурганда да кайталанат. Ташафган менен мектепте отурганда да "...өз үйүндө Бектур ага менен отургандагыдай, эки чабалекей учуп кирип келишти да, бир нерсени кабатыр боло кабарлап же алда нени алдын-ала айтып жаткансып, безелене кооптоно сайрап, шып алдында айланып жүрүштү. Уясын бирөө бузгандай чырылдайт. Сыртка кууп жиберишсе да, алар кайрадан чый-пыйы чыга учуп келишип, бекем жабылган терезеден ичкери кире албай, канаттары менен айнекти улам кайра ургулап, кимдир бирөөнүн алда кандай аманат сөзүн билдире албай, кыйышпастан кыйышпаска кыямат болор күндү айткан кабар-саламын жеткире албай, балапанын жылан соруп жаткансып безбелдектей безене сайрап чырылдап, айланып уча беришти." Мына адам жасаган ар кандай иштин алды-артын адам өзү сезбеген менен жан-жаныбарлар сезээрин, алар буларга кайдыгер калбай, ал жөнүндө адамга белги берүүгө аракет кылаарын, болгону өз кызыкчылыгы менен алек болгон пенде аны аңдабай, кийин "өзү жасаган иш – өз башына муш" болуп калганда гана, бармак тиштеп окүнөрүн, бирок анда кеч болуп калаары чыгармада эсте калаарлык да, элестүү да берилген. Өз кумары менен алек болгон пенденин жаныбарлардын чыйпыйын укканга да, ага жооп бергенге да чолосу тийбейт.

Негизи, жаратылыш менен адам баласынын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



мамилеси тээ атамзамандан бери эле айтылып, делинип келинет. Алсак, “Эр Төштүк”, “Кожожаш” эпостору, “Карагул ботом” дастаны, бирок алардагы айтылган осуят-насаат адам баласына сабак болбой, качан гана өз башына түшкөндө, жер муштап, кан жутуп, какшап отуруп калып жатпайбы. Мына ошол элдик акылды өз заманына, замандаштарына ылайыктап, чыгарманын өзөгүнө жик билдирбей кийире алуу − чоң жазуучулардын колунан келүүчү гана чеберчилик. Ар кандай элдик уламыштарды өзү жараткан көркөм туундуларынын ниет-оюна жуурулуштуруп, максат-милдеттерине сиңиштирип берүү жагынан Айтматов эч кимди алдына чыгарбайт.

Жогоруда белгилелегенибиздей, жазуучу социализмдин идеялары менен капитализмдин идеяларын салыштырып көрүп, капитализм “өндүрүү + сатуу = пайда” экендигине көзү жетет. Ошондуктан базар мамилесин Айтматов Арсендин ой жүгүртүүсү менен минтип берет: “Социалисттик башкаруудан базар үстөмдүгүнө туш келдик, мунун мыйзамына макул болбосоң, сурап-тескеп отурбайт, өлтүрөт. Турмуш закону ушундайбы, анда мени өлтүрөт деп отура бербе, андан мурда озунуп өлтүр. Базар жашоосунун суроосуна жалгыз гана жооп − ушул.” Романдагы окуялар да Арсендин бул ой жорумунун тууралыгын ырастайт. Натыйжада Арсен пайданын артынан кууган классташтарынын колунан өлөт. Болгондо да Жаабарс менен баш-аяк болуп жазданып жатып көз жумат. Албетте, үңкүрдө Арсен менен Жаабарстын жолугушу чыгарманы кызыктуу кылуу үчүн гана кийирилген окуя эмес. Бул аркылуу улуу гуманист жазуучу “пайда”, “пайда” деп, напсибизди тыйбай, алкыбызды агыта берсек, адамзат чыныгы кыямат кайымга тушугары жөнүндө добулбас кагат. Анын чындыгын дүйнөдө бүгүнкү күнү болуп жаткан окуялар ырастоодо. Араб өлкөлөрүндө болуп жаткан окуялар (Египет, Ирак, Ливан, Афганистан, азыркы Сириядагы) эмнеден улам болуп жатат. Бейкүнөө адамдардын (энелердин, наристелердин, кары-картаңдардын) каны эмне үчүн төгүлүп жатат? Буга жооп бирөө гана нефть үчүн, суудай агып жаткан байлык үчүн. Бул – эч ким таналгыс чындык.

Дегеле жазуучунун чыгармасында учурдун актуалдуу көйгөйлөрүнүн баары камтылган. Мына ушундай көйгөйлөрдүн бири – бул дин. Демократияны жамынган ар түрдүү диний секталардын элдин аң-сезимин өзүнө багындырууга жасап жаткан аракеттерине өзүбүз турмушубузда күбө болуп жүрөбүз, . Мындай секталарга кирген ата менен бала, эне менен кыз, тууган менен тууган араздашып, бөлүнүп-жарылып жатышканы – учурдун ачуу чындыгы. Жазуучунун көз кырынан бул окуялар да четте калбайт. Чыгармада ал мындайча сүрөттөлөт. Ар түрдүү секталардын өкүлдөрү бири-бири менен келише алышпаса да, Арсендин “Новый путь” гезитине жазган макаласына каршы ынтымакка келишип, журналистке чабуул жасашат. Анын: “Көк асманда Улуу сөз бир кудайды кайтарат да, Сөз Ай-Аламдын сүтүн саап, ошол сүт менен адамдарды укумдан-тукумга багат. Ошондуктан Сөздөн тышкары, Сөз чегинен сырткары Кудай дагы, Аалам дагы жок, жана да ушул жарык дүйнөдө Улуу Сөздүн алоо кызыл жалыны менен ашып-ташкан күчүнөн күчтүү жалын да жок.” Анын ушул сүйлөмүнө басым жасашып, динчилдер Арсенди жоопко тартып берүү жагын талап кылышып, бийлик өкүлдөрүнө кайрылышат. Журналдын редактору да алардын талаптарын аткарууга аргасыз. Мына сага демократия!

Демократияны туу кылып көтөрүшүп, иш жүзүндө өзүнүн кулкунун гана ойлогондордун заманы келгендигин жазуучу: “Бийликти жакшы көргөн адамга баары бир, түз жетүү да, аны сатып алуу да бирдей. Бийликке байлык абадай эле керек, ансыз дем алалбай калат...Азыр адам турмушу ушундай. Бийлик менен байлык бири-бирисиз жашай албайт, ал экөө бири-бирин колдойт, бири-бирин таяныч кылат, кимдир бирөө анын убайын көрөт, кимдир бирөө каргышын айтып, кара жерди жазданат...”, - деп сүрөттөйт [3, 76-б.]... Учурдагы болуп жаткан окуялар (Кум-Төр, Датка-Кемин, Түндүк-Түштүк жолу, ЖЭБ) айтылгандын кашкайган чындык экендигин ырастап жаткан жокпу?!

“Коомдо жашап туруп, коомдон четте калууга болбойт”, − дегендей, карапайым адамдар да өз акылдарына жараша өз философияларын иштеп чыгышып, жашоосунун багытын аныкташты. Бири мал бакты, бири дыйканчылыкка, бири бизнеске, бири чет өлкөдөн иштеп акча табууга өтүштү. Ошондой көпчүлүктүн бири болгон Ташафгандын философиясы: “Туптуура айтасың! Башты иштетиш керек, эл аралык жаңжал чыгарууга болбойт. “Мергенди” да жок кылууга болбойт. Акчасы кумдай куюлган миллиардерлердин алкымына канжар такоого да болбойт, а бирок бизди, бир сындырым нан үчүн башы менен жер казгандарды жакырчылыкта тепсөөгө болот, балдарыбызды билимсиз калтырууга болот, оорусак акчанын айынан дарылана албай калсак болот” [4,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



116-б]. Эмне дейсиң? Күнөө кимде? Көр тиричиликтин айынан башын сайып, акча табууга умтулган Ташафгандардабы? Албетте, бул риторикалык суроо. Ташафгандын айткандарынын өзүндө жооп катылган.

Өйдөдө Ч.Айтматовдун чыгармаларынын аталышына, каармандарынын ысымдарына көңүл коюп карап көрсөк, анда көркөм туундуну башынан-аягына чейин бириктирген ниет-идея катылганын баамдоого болот, − деп белгилегенбиз. Анын дагы бир далилин келтирели. Романдын өзөгүн түзгөн окуя Саманчиндердин айылында Туюк-Жарда өтөт. "...Арсен Саманчин кыялында канча жолу элестетип, Туюк-Жарды аралап жөө бассам деп самады эле, тагдыр экен, акыры аны буйруду. Кең көчөдө кенен-чонон сүйлөшүп бара жатышат... көргөндөрдүн бардыгы Арсендин Туюк-Жар айылынын кулуну экенине сыймыктанып сүйлөштү." [Саманчиндердин, Ташафгандардын, тээ алыскы, күн мээни сызгырган Арабиядан келген ханзадалардын жолдорун тогоштуруп, тагдырларын бири-бирине байлаган окуянын Туюк-Жарда жүрүшү, айылдын атынын Туюк-Жар деп аталышы жөн салды эле кеп эмес. Бул жерде улуу жазуучунун бизде гана эмес, жалпы Ааламда болуп жаткан окуялардын кайсы багытта, кандай өнүгөрүн адамзаттын жөнөкөй пенделери эмес, акылгөйлөрү да так айта албай, туюкка, туңгуюкка камалганын аңдап-туюп чагылдырып жатканын баамдасак болот. Чалкеш дүйнө. Бүгүнкү чындык, болуп жаткан окуялар Ч.Айтматовдун бул эскертүүсүнүн акыйкаттуулугун ырастап жатат.

Жазуучу өзүнүн каармандарына ойду-келди эле ысымдарды кое бербейт. Ысымга ошол каармандын мүнөз-пейли, кайсы-бир деңгээлде тагдыры да сыйдырылат. Ага чыгармадан алынган төмөндөгү үзүндү менен таанышсак, ынанабыз: "...кайдан-жайдандыр колуна чакан фотоаппарат кармаган, шыпылдаган жаш келин чыга калды. Эркек көзүн тарта алгыс солкулдаган денеси келишимдүү мүчөсүн ого бетер кереметке айлантып, кара тору жүзүнөн мээримдүүлүк менен жагымдуулук төгүлүп турган, карагат көздөрүнөн жалооруу менен жылуулук жанган, бирок чачынын таралышына, жынсы шымына, кебездей төшүн көрсөткөн спорттук кофтасына караганда башка жактан келгендей" "Элес" - деп анын атынан атады Арсен". "...сен фотографсыңбы? – деп сурады. Жок, менин кесибим китепканачы, китепканада иштегем. Пединститутта окугам. Облус боюнча китеп таркатчубуз, өзүбүздүн автобусубуз бар эле, биз аны библиобуз деп койчубуз. Анан минтип бардыгы токтоп калды. Библиобусубуз менчиктелип кетти, айлыгыбыз болсо он беш доллар болду, ошентип ар кайсы тарапка кеттик." Базар мамилеси элибиздин китеп окууга болгон мүмкүнчүлүгүн да жокко чыгарды. Анын ордун кара курсакка кам көрүү ээледи. "Байлыкбус" турганда Библиобустун кимге кереги бар.

Айдана менен өмүрүн да, чыгармачылык тагдырын да ажырагыс деп ойлоп келген Арсен булардын баары жалган гана элес экендигин өз башынан өткөргөндөн кийин, бүт баарынан (сүйүүдөн, жолдошчулуктан, чындыктан) көңүлү калып, бир гана "өлүү" же "өлтүрүү" керек деген ойго жеңдире баштаган. Ошондуктан кандай жол менен болсо да, тапанча табуу басса оюнан, жатса түшүнөн кетпей калган. Араб ханзадаларынын келиши гана убактылуу болсо да бул ниетин унуттурду. Канткен күндө да, жашоо токтобой, улана берет экен. Капысынан, күтүлбөгөн жерден Арсен кыялындагы, жүрөгүнүн тереңиндеги эңсеген, көксөгөн, издеген, күткөн бактысына туш болду. Ал мына ушул Элес болчу. Чыгармада: "Жашоонун өзү сүйүү экен, жашоонун өзү бакыт экен. Ушинтип ойлоп жатып, ал өзүн өзү токтотту". "Бакыт болбосо, сүйүү жок, сүйүү болбосо, бакыт жок, ошон үчүн алар жалгыз келбейт, жалгыз болгон кезде ал – алсыз. Чектелүү болот...", - деп берилет. Элес Арсенди акыркы сапарга узатат. Бардыгы Арсенге күнөө коюшуп, ошол үңкүрдө көмүлбөй калсын дегенде, эжеси менен жездесин көндүрүп, сүйгөнүнүн сөөгүн ак кепиндеп, салт-санаага ылайык жайга коюуга бел байлайт, беттегенин бербей, өз оюн жүзөгө ашырат. Кеч болсо да, Ташафгандар да, айылдаштары да, бир туугандары да Арсендин чындыгын түшүнүшөт. Биро Айтматовдун улуулугу болуп өткөн жана болуп жаткан окуяларды гана эмес, болочокто болуучу окуяларды да алаканга салгандай көрө билгенинде жана аны өз чыгармасында көз алдыңа таамай да, элестүү да, көркөм да тартып көрсөтө алгандыгында: "Жардам берер Жараткан, сен кайдасың? Айтчы эмне кылыш керек? Каргыш алгырдын бизнеси адамдарды да, жырткычтарды да бир түйүнгө, ооба, өлүмдүн бир гана чие түйүнүнө байлап салды го". "Экология дегендин көзүн бизнес дегени тазалап салды, азыр табият кырсыгы деген сөз жок, айтор базар экономикасы адамдардын акылы менен дилин, адеби менен ыйманын да басып алды".

Өзүбүздүн Ата-Журтубуздун асман тиреген тоолорунун казылышы, күнгө чагылышкан мөңгүлөрүнүн бузулушу, андан сызылып чыккан мөлтүр булактарынын, шаркыраган сууларынын булганышы,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бутагынан бутагына учуп-конуп таңшыган булбулдардын түнөгү болгон токойлордун кыйылып-кыркылышы, аны мекендеген жан-жаныбарлардын жок кылынып жатылышы жазуучунун олуялыгын далилдей албайбы. Албетте, далилдей алат.

Айтматов эгер адам өзүнүн жырткычтык напсисин тыя билбесе, ыйман-адебине кайтпаса, өз акылынын, ачкөздүгүнүн курмандыгына айланып, чыныгы кыямат кайымга туш болорун түз да, кыйыр да эскертет. Кыямат кайым бир гана адамга келбестен, он сегиз миң Ааламдын, анын койнундагылардын баарынын башына түшөрүн ачык көргөн жазуучу : "Адам напсиңди тый, адам адамдыгыңа кайт, баары сенин эркиңде", - деп, үндүү-үнсүз жар салат. Аны чыгармадагы: "Адамдын каны менен жырткычтын каны үңкүр таманында кошулуп, бир жерге билинбей сиңип жатты... Ушу саам, ушул мүнөттө адам менен жырткыч бир асмандын алдында, бир үңкүрдүн ичинде каршылаш да, кас эмес да болуп, сүйөнүшө катар жатышты." [5, 142-б.]... - деген жүрөк титиреткен сүйлөмдөн көрүүгө болот.

**Адабияттар:**


1. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 28-б.
2. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 71-б.
3. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 76-б.
4. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 116-б.
5. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 142-б.
6. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 193-б.
7. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том – Б. – 2014. – 153-156-б.б.
8. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 164-197-б.б.
9. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 222-225-б.б.
10. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 238-239-б.б.
11. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 88-том. – Б. – 2014. –207-б.
12. Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 8-том. – Б. – 2014. – 247-265-б.б.


**Рецензент: д.филол.н. Жамгырчиева Г.**